51

~~1002~~

Шапак Рысмендеев

„Манас“

Чоң казат

1948-ж.

51
192 бар. 1979

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1002
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

инв. ~~185~~

Шапак Рысмендеев

# „МАНАС"

## „Чоң казат"

( ~~[illegible]~~ ).

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 51
1-192 стр.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

1948-ж.

1002

инв. ~~185~~

Шапак Рысмендеев

„Чоң казат"

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 51
192 1979г.

1948-жыл

Фрунзе

1.

## „Чоң казат". III-болум.

Көкөтөйдүн ашында,
Көп жакшынын тушунда.
Бир жити кан Манаска,
Катык иште ойлонду,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы.
Эштектин уулу Жамгырчы,
Кара жаак эр-Үрбү,
Кандын уулу Жүгөрү.
Казактардын Көкчөсү,
Эламандын Төштүгү.
Ошо жатоо кеңешти,
Ойлонушуп бок жешти.
Бу канкорду минтеш,
Бир бокчосун түйтеш.
Ушу кезде Манастын,
Он жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар,
Капталында. кангай бар,
Касташар душман далай бар.
Ошолорду көрбөйбү,
Айсуратып душманды,
Азо кылып бербейби!
Курошконун көрбөсөк,
Курмотунда жүрбөсөк,
Атышканын көрбөсөк,
Айдынында жүрбөсөк.
Же болбосо Манаска,
Чогулуп бирдей баралык,
Чоро болуп алалык.
Баштын сала кирелик,
Баатырлыгын билелик.
Качан биздин ойдо куп эле,

Кантралоо Антижен 7 раудын кеңешинде бар.

33.

Бай Жакыптын уулу эле.
Өөгү бийик ордоб(у),
Өзү бизден өйдөбу!
Аты бизден арыкпы,
Адамы бизден баатырбы!
Көкөтөйдүн ашында,
Көп чогулган башында.
Кишиң экен деп билбеди,
Бир көзүнө илбеди!
Деп өзөнтөн баарысы,
Улуу, кичүү, карысы.
Кең кашкардын аржагы,
Кебез-тоонун бержагы.
Опол-Тоону жердеген,
Калысын колдон бербеген.
Сары-Кол деген талаада,
Ар нерсе бар санаада.
Ошондо жетөө жайышып,
Манаска эми кайышып.
Жети киши айкарды,
Ак кагазга жазышып,
Аягына мөөр басышып.
Жетөө туура кеп айтат:
„Ушу кандай?“-деп айтат.
Бээжиндеги Коңурбай,
Кандуу казай кылалы!
Меңирегeн тозоктон,
Жанды азай кылалы!
Дүңгөгөн кытайга,
Жүрүп казай кылалы,
Дүркүрөгөн тозоктон,
Жанды азай кылалы!“
Ошо күнү жол жүрүп,
Кашкардын шаарын бакалап,